**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жана Кыргыз -Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534 Диссертациялык кеңешине философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын издении алуу үчүн көрсөтүлгөн Туратбек кызы Жазгүлдүн 09.00.11- социалдык философия адистиги боюнча жазылган «Билим берүү феномени социалдык мобилдүүлүктүн фактору» аттуу кандидаттык диссертациясына**

**экинчи расмий оппонент,**

**философия илимдеринин кандидаты, доцент Н.К.Мусаеванын**

# ПИКИРИ

**Диссертациялык изилдөонүн темасынын актуалдуулугу.**

Изилдөөнүн тандалып алынган темасынын актуалдуулугу, албетте, эч кандай күмөн туудурбайт: диссертациялык изилдөөдө автор тарабынан ата-мекендик философия илиминде билим берүү феноменине социалдык мобилдүүлүктүн фактору катары талдоо жүргүзүлгөн. Андан тышкары, изилдөөдөгү философиялык ыкма аталган маселени жаныча көз караш менен кароого шарт түзөт, бул иш изденүүчү тараптан ийгиликтүү жүзөгө ашырылган деп айтууга толук негиз бар.

**Илимий жоболордун, корутундулардын жана сунуштамалардын негизделүү денгээли.**

1. Изденүүчү тараптан билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу фактор катары социофилософиялык анализдин маанилүү обьектилеринин бири болуп эсептелет. Социалдык философияда билим берүүнүн коомдук жана индивидуалдык жыргалчылык статусу орун алып, ага болгон жеткиликтүүлүк адамдын комдогу абалынан көз каранды болот. Адамдын бир коомдук катмардан экинчисине трансформацияланганда

билим берүүнү эске алуу зарылчылыгы келип чыгат, себеби анын маңызы, фундаменталдык коомдук функциялары изилденет деген корутунду негизделген.

2. Билим берүүнүн бардык философиялык чечмеленүүлөрүн социомаданий феномен катары эки негиз боюнча классификациялоого болот. Биринчи классификациянын негизинде коомду элиталарга жана массага бөлүштүрүү теориясын жактоочулары билим берүүнүн ролун жана социалдык мобилдүүлүктү камсыз кылуудагы мүмкүнчүлүктөрүн ар башкача аныкташкан. Алсак, элитаристик теориялар билим берүүнү тандалып алынган өзгөчөлүктөр катары түшүнүүдөн келип чыгат. Эгалитаристик концепциялар билим берүүнүн баалуулуктарын бардык адамдарга жеткиликтүү кылуусуна таянат. Демек, өзүнүн коомдук абалын өзгөртүү үчүн билим берүүчүлүк дараметин пайдалануу мүмкүнчүлүгү болот. Аталган корутунду терен илимий талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында алынган.

3. Билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн факторлорунун системасында өзгөчө орунга ээ. Ал өзүнөн өзү эле пайда боло калбайт, коомдук жашоонун бардык катмарларына сүңгүп кирип, коомдук жана индивидуалдык болмуш менен дал келишет. Көз карандысыз аймак болуу менен бирге билим берүү коомдун ар бир катмарына кирүүсүнө өбөлгөлөрдү түзөт. Билим берүү коомдук реалдуулуктун кайра өндүрүүчүлүк процессине органикалык кошулушу аны коомдук мобилдүүлүктүн факторлорунун системасын (өзгөчө азыркы коомдогу) функциялаштыруу катары анын маанисин шарттап турат. Саясат, бизнес, илим ж.б.у.с. коомдук көрүнүштөрдүн негизинде туруу менен ал адамдын билимдеринин, индивидуалдуу-инсандык мүнөздөмөлөрүнүн, дүйнө көз караштарынын комплексин берет деген корутундуну далилдүү деп эсептейм.

Башкача айтканда коомдук мүнөздөгү мындай тип коомдук мамилелердин ылайыктуу түрлөрүн кайра өндүрүүсүн камсыз кылат. Адамдын социумдагы коомдук мобилдүүлүгүнүн жолу катары кызмат

кылган ар бир коомдук институттун же көрүнүштүн алкагында пайдалануусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берип, бир баскычка жогору көтөрүлүүсүнө мүмкүндүк берееri туурасындагы корутунду негизделген.

4. Корутунду негизделген. Автор ага төмөндөгүчө токтолгон: коом канчалык татаал болсо, адамдын кыйла жогорку коомдук абалына болгон жолунда билим берүүчүлүктө кемчиликтер күтүп турат. Өзгөчө мааниге окутуунун бирден-бир маанилүү натыйжалары – билимдер эсептелет, алардын жардамы аркасында пайда болуучу туурасындагы адамдын бүтүн элестөөлөрүнүн калыптануусу болуп өтөт. Билим берүү мобилдүүлүктү камсыз кылуудагы дараметин күчөткон спецификалык сапаттарга ээ болуп, коомдук мобилдүүлүктүн башка факторлорунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүп бермекчи. Мындай сапаттардын катарына анын идеалдуулугу, ажырагыстыгы, демократиялуулугу, ийкемдүүлүгү таандык болот. Билим берүү азыркы коомдо салттуу жалпы таанылган мамлекеттик башкаруу менен байлык коомдук ресурстарына карата да таасирлүү социалдык ресурс болуп эсептелет. Изилдө ө нүн натыйжасы аталган маселени изилдешкен окумуштуулардын илимий эмгектерин комплекстүү изилдөө менен бекемделген.

5. Жобо негизделген. Билим берүү өзүлөрүнөн өзү бийликтин булагы эле болбостон, күч менен байлыктын да маанилүү компоненттеринен боло алат. Анткени ал коомдук мобилдүүлүктүн башка жолдорунан айырмаланып төмөнкү деңгээлде коомдун социоэкономикалык жана саясий чөйрөлөрүндөгү термелүүго дуушар болот. Билим берүүнүн консервативдүүлүгү бул жаатта анын оң сапаты катары каралат дагы коомдук мобилдүүлүк факторлорунун системасындагы өзгөчө ролу “билим коомун” түзүүгө багытталган коомдун модернизациясы менен шартталган. Азыркы батыш жана россиялык изилдөөчүлөр адамдын коомдук абалынын детерминанттарын анын экономикалык статусунан билим берүүчүлүк-кесиптик децгээлине өтүшүн баса көрсөтөт. Мындай коомдо билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн алдыңкы факторунун сапатына ээ болот.

6. Корутунду далилдүү жана объективдүү. Демек, эч кимге жана эч нерсеге таандык болбогон билим, ошол эле мезгилде коомдук бардык чөйрөлөрүнө кирип, адамзат ишмердүүлүгүнүн пайдубалы катары кызмат кылуу менен адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн факторлорунун системасынын функцияланышуусун камсыз кылат. Демек, ылайыктуу билим берүүчүлүк жана кесипкөйлүк деңгээлдин болуу шартында коомдук мобилдүүлүктүн фактору катары кызмат кылган социалдык көрүнүштөрдүн дараметин жүзөгө ашыруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу жөндөмдүүлүгү катары маңыздык мүнөзгө ээ. Бирок коомдун жана анын бардык чөйрөлөрүнүн абалынан, анын ичинде коомдук мобилдүүлүктүн, о.э. субъективдик факторлордун айкалышынан болгон көз карандылык аталган сапаттагы билим берүүнүн дараметинин жүзөгө ашырылуусун кыйындатат.

Демек, илимий жоболордун, корутундулардын жана сунуштамалардын негиздүүлүгүнүн денгээли конкреттүүлүгү жана түшүнүктүүлүгү менен айырмаланат.

Эгерде диссертациялык иштин **илимий жанылыгына жана анын аныктыгына** токтолсок, анда аталган изилдөө билим берүү феномени социалдык мобилдүүлүктүн фактору катары каралган эмгектердин бири болуп эсептелет. Тагыраак айтканда, төмөнкүлөргө арналган: билим берүү феноменинин жеке концептуалдуу негизин, анын коомдук маани-маңызын ачып берүү аракети корулуп, социалдык мобилдүүлүктүн факторлорунун системасындагы билим берүүнүн орду аныктоого; социофилософиялык концепцияларды анализдөөнүн натыйжасында инсандын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу негизги факторлордун бири катары билим берүү системасы экендигин далилдөөгө; социогуманитардык илимдердин контекстинде колдонулуучу категориялардан болуп эсептелген билим берүүнүн социалдык мобилдүүлүктү жүзөгө ашыруудагы анын трансформацияланышы жана өзгөчөлүгүн көрсөтүүгө; инсандын социалдык мейкиндиктеги орун которууларын камсыз кылган максаттуу билим берүүнүн субъективдүү жана объективдүү факторлорун аныктоого; заманбап

коомдук түзүлүштөгү мобилдүүлүктү жогорулаткан билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн теориялык жана практикалык шарттарынын комплекси илимий негизде мүнөздөөгө .

**Илим жана практика үчүн диссертацияда алынган натыйжалардын маанилүүлүгү** коюлган милдеттердин актуалдуулугу менен маселени иштеп чыгуудагы жетишилген денгээл менен аныкталат.

Автордун корутундулары менен жоболору коомдук мобилдүүлүктүн фактору катары каралуучу билим берүү феномени маселеси боюнча атайын курстарды даярдоодо, саясат таануу, мамлекеттик башкаруу, социалдык философия ж.б. предметтер боюнча ЖОЖдо лекцияларды окууда жана семинардык сабактарды өтүүдө колдонулуусунда турат. Изилдөөнүн жыйынтыктары билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүдө, билим берүү программаларынын жана улуттар аралык процесстердин концепцияларын иштеп чыгуу процессинде колдонулушу ыктымал.

**Диссертациянын далилдүү жетишкендиктерине карабастан, анын кээ бир кемчиликтерин да атай кетүү зарыл**:

1. Социалдык мобилдүүлүктү ишке ашыруудагы билим берүүнүн таасирин дагы терениреек талдоого алуу керек эле.

2. Диссертациялык иште грамматикалык, стилистик жана техникалык катачылыктар кездешет.

Бирок, жогоруда саналган кемчиликтер аткарылган иштин жогорку теоретикалык-методологиялык денгээлин эч төмөндөтпөйт. Туратбек кызы Жазгүлдүн кандидаттык диссертациясы толук соңуна чыккан, социалдык философиянын маселелерин иштеп чыгууда олуттуу салымын кошуучу квалификациялык илимий изилдөө болуп эсептелет.

**Диссертациянын талаптарга ылайык келүүсү.**

Алынган натыйжалар диссертациянын коюлган максаттарына жана милдеттерине толугу менен жооп берет. Анын ичинде изилдөөнүн максаты болуп бүгүнкү күндүн коомдук түзүлүшүндөгү адамдын социалдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу негизи катары каралуучу билим берүүгө соицалдык - философиялык рефлексия эсептелет. Коюлган максаттын контекстинде автор тарабынан бир катар милдеттер чечилген: социалдык мобилдүүлүктүн факторлорунун системасындагы билим берүүнүн орду аныкталды; “социалдык мобилдүүлүк”, “билим берүү” түшүнүгүнүн маңыз-мазмуну ачылды (1-Бап); билим берүүнүн адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн жүзөгө ашырылуусуна тийгизген таасирин ачып көрсөтүү; социалдык мобилдүүлүктүү камсыз кылуудагы билим берүү менен шартталган объективдүү жана субъективдүү факторлорго илимий мүнөздөмө берүү; бүгүнкү күндөгү социумдун мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрүн жогорулаткан теориялык жана практикалык шарттардын комплексин аныктоо (2-Бап);

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келүүсү**. Автореферат диссертациянын мазмунуна толугу менен ылайык келет.

Изилдөөнүн темасы боюнча Кыргыз Республикасынын, Россия Федерациясынын, андан тышкары Казахстан Республикасынын жетектөөчү рецензияланган илимий журналдарында 11 илимий макала жарык көргөн. Чет элдик басмадан бардыгы болуп 3 макала РИНЦ системасы менен чыгарылган.

Жалпы жонунан, Туратбек кызы Жазгүлдүн философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Билим берүү феномени социалдык мобилдүүлүктүн фактор” аттуу темадагы диссертациясы төмөнкүлөрдү камтып турат: автор тарабынан ачык корголуулуга чыгарылган жаны илимий натыйжалар менен жоболордун жыйындысын; ички биримдике ээ болуп, автордун илимге кошкон жеке салымы туурасындагы маалымат берип турат. Диссертация толук сонуна

чыккан иш катары эсептелип, мазмуну илимий-теоретикалык денгээли боюнча КРнын ЖАКтын талаптарына жооп берет.

Аталган изилдөөнүн кандидаттык диссертацияларга коюлган классификациялык талаптарына жооп берүүсүн эске алуу менен Туратбек кызы Жазгүл 09.00.11-социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейм.

**Расмий оппонент,**
**философия илимдеринин**
**кандидаты, доцент** **Н.К.Мусаева**

**К.Карасаев атындагы Бишкек**
**Гуманитардык Университетинин**
**"Социалдык иш жана практикалык**
**психология" кафедрасы**

**К.Карасаев атындагы Бишкек**
**Гуманитардык Университети**
**720044, Кыргыз Республикасы,**
**Бишкек шаары, Ч.Айтматов көчөсү 27**
**+ 996 (312) 21-86-59, Факс: +996(312)**

КОЛУ ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДР БӨЛҮМҮНҮН БАШКАРМАСЫ
НАЧАЛЬНИК ОТДЕЛА КАДРОВ
"......"..........199..ж.